**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн жылдык до 7,00 пайызга чейин жогорулаттуу чечимин кабыл алды**

Тышкы факторлор сыяктуу эле, ички факторлордон улам келип чыккан инфляциялык басымдын күч алышын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2014-жылдын 30-сентябрынан тартып эсептик ченди жылдык 6,50 пайыздан 7,00 пайызга чейин, 50 базистик пунктка жогорулатуу чечимин кабыл алды.

Ушул жылдын август айында ишке ашырылган акча-кредит саясат жөнүндө отчетто (Инфляция боюнча баяндамада) камтылган Улуттук банктын орто мөөнөттүк экономикалык тенденциялар боюнча берген баасы тастыкталды. Бул жерде сөз, республикада орун алган аба-ырайынын алгылыксыз шарттарынын, ички рынокто бензинге жана дизель отунуна баанын өсүшүнүн тездешинин, турак жай-коммуналдык кызматтарга тарифтердин жогорулатылышынын инфляцияга тийгизген таасири тууралуу жүрүүдө.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргызстандын соода боюнча негизги өнөктөшүнөн болгон өлкөлөрдө экономикалык өсүш арымынын байкалып жаткан басаңдашы мындан ары да улана тургандыгын болжолдоодо. Бул эң оболу, ата мекендик товарларга сырттан суроо-талаптын төмөндөшүнөн жана акчалай которуулардын көлөмүнүн өсүш арымынын кыскарышынан көрүнөт. Өнүгүп жаткан рыноктордон, атап айтканда Кыргызстандын соода боюнча негизги өнөктөшүнөн болгон өлкөлөрдүн рынокторунан капиталдын агылып чыгышын күтүүлөр сакталып калат. Сентябрь айында бул тенденция күч алган, ушунун өзү ички валюта рыногундагы басымдын жогорулашына түрткү берген себептердин биринен болгон, демек бул кошумча инфляциялык факторду шарттаган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы орто мөөнөттүк мезгил ичинде инфляция деңгээлинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөту менен Улуттук банктын 2014-жылга экономикалык саясат боюнча биргелешкен билдирүүсүндө аныкталган сандык көрсөткүч чегине жетишүү жана аны токтотуп туруу үчүн түптөлгөн экономикалык жагдайдын калыптанышына мониторинг жүргүзүүнү улантат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмүн кароого алган кийинки отуруму 2014-жылдын 27-октябрына пландаштырылган.